# ӨСТҮРҮЛГӨНДҮН БААРЫН ЖЫЙНАЙЛЫ

Партиянын Кант райкомунда жана райаткомунда колхоз жана совхоздордун, курулуш уюмдардын жана мамлекеттик мекемелердин жетекчилери катышкан кеңешме болуп өттү. Райаткомдун председатели А. Ж. Тукбашев райондун чарбаларындагы жашылча жыйноонун жүрүшү жөнүндө билдирүү жасады.

Райондо жашылча жыйноодо өтө ыңгайсыз шарт түзүлгөн деди ал. Күзгү алгачкы үшүктү алып келген жаан чачындар помидор, пияз тапшыруу боюнча мамлекеттик пландын аткарылышын кечиктирип жатат.

Жашылча түшүмүн жыйноодо райондун өнөр жай ишканаларынын жана мекемелеринин жумушчулары жана кызматчылары жакшы жардам көрсөтүшүүдө. Бирок жүк ташуучу автобазанын, нефтебазанын, сактык кассасынын коллективдери чарбаларга шефтик жардам көрсөтүүдө четте калышкан.

Кеңешмеде ысык чай жеткирип турууну уюштуруунун, керектүү шарт түзүүнүн зарылдыгы жөнүндө айтылды. Бардык аракет жашылча түшүмүн жыйноого жумшалууга тийиш.

Кеңешмеде Кыргызстан Компартиясынын Кант райкомунун экинчи секретары К. С. Айтбаев сөз сүйлөдү.

## *Насаатчы*



**«Искра» совхозунун сүт-товар фермасында улуу саанчы Айнаш Абжелова 10 жылдан ашуун убакыттан бери эмгектенип келет. Ондогон жаш саанчылар аны өздөрүнүн жумушчу педагогу деп аташат. Ал өзү группасындагы бекитилип бирилген уйлардын ар бириnen 4000 килограммдан сүт саап алууга жакындап келүүдө. Бул бийиктикке жаш эмгекчилер да жетишүүгө умтулушууда.**

**СҮРӨТТӨ: улуу саанчы Айнаш Абжелова.**

Р. ХАЛИКОВдун фотосу.